Т.М 1.7.

## Социалдык педагогдун адеп кодекси

Социалдык педагогика социалдык же социалдык-педагогикалык жардамды же б.а. индивиддин же топтун жашоосуна кийлигишүүнү талап кылат. Ошондуктан кийлигишүү жөндүү адеп нормаларына негизделиши керек. Адис милдеттүү түрдө эмпатия сапатына, психологиялык сабаттуулукка, адептүүлүккө ээ болушу керек.

Социалдык педагогдун адеп кодексинде төмөнкү позициялар аныкталган:

- Клиентке аркеттенүүгө эргүү берүү жана өз инсандык мүмкүнчүлүктөргө таянып, инсандын намысын жана уникалдуулугун сыйлап, жашаганга жардам берип, демилгеге, чыгармачылыкка, үндөө.
- Клиентти уга билүү, токтоолук кылуу, көйгөйдү, кырдаалды, анын абалын түшүнүү, адептүүлүктү көрсөтүү, сылык болуу;
- Коммуникабелдүү, мамилечил, контакттуу болуу, клиентти сүйлөтө билүү, көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдорун биргеликтүү аныктоо; курчап тургандарга керектүү, кызыктуу болуш үчүн, өз инсандык мүмкүнчүлүктөрдү, эрудицияны, тажрыйбаны багыттоо;
- Клиент менен анын чөйрөсүнүн жана социалдык иштеги башка субъекттеринин ортосунда элдештирүүчү болуу; клиенттин өзүнө субъекттүү позицияны камсыздоо, ага берилген кайрымдуулук жардам формалары менен анын намысын кемсинтүүгө жол бербөө;
- Клиент менен иштөөдө формалдуу эмес болуу, клиентке өз көйгөйлөрүн чечүүдө кеңешчи, жардамчынын ролун аткаруу, өз ара мамилелерди диалогдун, теңчиликтин негизинде түзүү;
- Дайыма гуманизм жана кайрымдуулук позициясына таянуу; клиентти жемелебөө, жамандабоо; анын намысын сыйлоо; инсанга же адамдардын тобуна гумандуу эмес, дискриминациялык жүрүм-турум мүмкүнчүлүктөрүн алдын алуу; клиентти физикалык жана рухий дискомфорттон, капалануудан же кемсинтүүдөн коргоо;
- Ар түрдүү айла-амалды колдонбой, кимдир бирөөнү тескери жолго салбай, кесиптин өкүлү катары өз жүрүм-турумдун жогору адеп стандарттарын сактоо, дайыма клиенттин кызыкчылыктарын гана көздөө;
- Социалдык иште жардамчыларды таба билүү, социалдык коргоону, саясатты өнүктүрүүгө коомчулуктун катышуусун колдоо;
- Өз компетенттүүлүктүн алкагында гана жумушту алып баруу, өз жумуштун сапатына жеке жоопкерчиликти алуу, өз милдеттерди адилеттүү кесиптик ишмердүүлүктө жолуккан таасирлерге жана басымдарга берилбей аткаруу;
- Клиентти көрүлгөн чаралар, ага көрсөтүлгөн жардамдын мүнөзү, кылынган жазуулар, чогултулган маалыматтар жөнүндө толук маалымдоо;
- **Өз кесиптик мамилелерди жеке кызыкчылыктарда колдонбоо**, кырдаалды талкуулоо жана баалоого кесиптик максатта гана катышуу, **клиенттин сырын сыйлоо жана таратпоо,** тейлөө үчүн акыны мыйзамдын негизинде жана өз ыктыяры менен берилгенде гана алуу, аткарылган иш үчүн баалуу белектерди албоо;
- Социалдык иш тармагындагы адис катары дайыма кесиптик билимдерди, чеберчиликти, квалификациянын деңгээлин жогорулатууга умтулуу, өз практикалык ишмердүүлүктү кесиптик билимдерге негиздөө;
- Кесиптин намысын жана тазалыгын сактоо, бекемдөө, адилеттүүлүктү жана адептүүлүктү сактоо, кесиптик өз ара мамилелерде жана өз ара аркеттенүүлөрдө

кесиптештердин ишенимин сыйлоо, өз кесиптештердин ар кандай адепсиз жүрүм-турумуна каршы чараларды көрүү;

Калктын ар кандай топторуна социалдык кызматты жеткиликтүү кылып жана маалымдап, адамдарга бардык жагынан жардам берүү;

- Коомдун жыргалчылыгынын өнүгүүсүнө:
-
- А) Адамдардын, ар түрдүү үй-бүлөлөрдүн инсандык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, чектелген физикалык мүмкүнчүлүктөрү менен адамдарга жана кемсинтилген топторго өзгөчө көңүл буруу

Б) Улуттук, саясий же дин көз караштарынын, сексуалдык багыттын, куректын, нике статусунун, психикалык же физикалык кемчиликтердин негизинде кемсинтүүгө, ошондой эле калктын кээ бир категорияларынын артыкчылыкка ээ болушуна, адилетсиздикке каршы жигердүү күрөшүү;

В) Коомдогу ар түрдүү маданияттарды сыйлоо үчүн шарттарды түзүү;


Г) Жашоонун социалдык шарттарын жана социалдык адилеттүүлүктү колдоо максатында саясатка жана мыйзам чыгарууга багытталган демилгени колдоо аркылуу салым кошуу.



## Соц.педагог окуучуга кандай жардам бере алат:

- Ар тараптан моралдык-психологиялык жардам корсотот;
- Окуучунун темпераментине жараша мамиле жасап, ар тараптан багыт берип турат;
- Жашоо ынгайын иликтеп тез-тез кабар алып турат;
- Материалдык жардам беруучу тийиштуу органдарга кайрылуу жасап маселенин чечилишине комок корсотот;
- Балага жагымдуу климат жаратып беруугo аракеттенет;
- Окуучунун оздук документтерин алууга комок корсотот;





Професси
оналдык
билим
Педагогик
алык
жөндөмдүү
лүк
Педагогикалык
устаттык
Педагогика
лык
техника
Гумандуу
багыттуулук

## Балдардын коопсуздугун камсыз кылууда соц.педагогдун иш-аракеттери:

- Окуучуларды тактайт;
- Баланын журум - турумуна жана психологиялык абалына баам салат;
- Окуучу менен жекече (индивидуалдуу) суйлошуулорду жургузот;
- Ар дайым балага жагымдуу жагдай тузууго аркет жасайт;
- Окуучунун ата-энеси ( жок болсо анын ордун басуучу адам)менен тыгыз байланышта болот ;
- Окуучунун турмуштук шарты менен терен таанышып чыгат;
- Окуучунун материалдык муктаждыктарын канааттандыруу багытында тиешелуу мекемелер мене иш алып барат;




Социалдык
педагогика
лык
функцияны
н негизги
мамилелер
и
Жөнгө
салуучу
Коргоо
чу
Тарбия
-лык
Диагно
здоочу
Талдоочу-
ой
жүгүртүү
чү
методолог
ия-лык
Кайра
-түзүүч
ү
Уюш-
туруу
чу
Болжо
л-
доочу
Эскертүү
чү


Социалдык педагог бул ким?
Соц. педагог
Камкор ата-эне
Мугалим
Психолог
Дос,курбу
Уюштургуч
Артист
Чыгармачыл инсан
Корогоч косом
Насаатчы

# I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1.** Бул нускама Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2010-жылдын, 27-июлундагы №452/1 буйругу менен бекитилген социалдык педагогго коюлуучу квалификациялык талаптардын негизинде иштелип чыккан.

Социалдык педагог социалдык коргоо, тарбия, билим берүү жана окуучулардын инсанын өстүрүү боюнча комплекстүү иш-чараларды жүзөгө ашыруучу мектеп кызматкери болуп саналат. Социалдык педагогдун ишмердик объектиси жүрүм-турумунда өксүгү бар жана «турмуштагы кыйын кырдаалга туш келген» балдар болуп саналат.

**1.2.** Социалдык педагог кызматка мектеп жетекчисинин сунушу менен райондук/шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысынын буйругу тарабынан дайындалат жана бошотулат.

**1.3.** Социалдык педагог тийиштүү кесиптик даярдыгы бар кишилерден дайындалат.

**1.4.** Социалдык педагог өз ишинде буларды билүүгө жана жетекчиликке алууга, колдонууга тийиш:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимдерин; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүүгө, билим берүүнү башкаруу органдарына тиешелүү чечимдерин; Баланын укуктары жөнүндөгү конвенцияны; Уставды, ички тартип эрежелерин, директордун буйруктарын жана башка мектепке тиешелүү актыларды;
- жалпы жана социалдык педагогиканы;
- педагогикалык, социалдык, курактык жана балдар психологиясын;
- валеологиянын жана социалдык гигиенанын негиздерин;
- социалдык-педагогикалык жана педагогикалык диагноздоо усулдарын;
- кесиптик жана практикалык ишмердик маселелери боюнча ченемдик-усулдук документтерди;
- эмгекти коргоо, коопсуздук техникасы жана өрткө каршы коргонуу эрежелерин жана ченемдерин.

**1.5.** Социалдык педагог түздөн-түз мектеп директоруна баш иет.

**1.6.** Социалдык педагогго окуучуларды социалдык коргоо маселелери боюнча класс жетекчилер түздөн-түз баш иет.

# II. ФУНКЦИОНАЛДЫК МИЛДЕТТЕРИ

Социалдык педагогдун ишмердигинин негизги багыттары:

**2.1.** Социалдык коргоо, тарбия, билим берүү жана баланы мектепте жана жашаган жеринде өстүрүү боюнча комплекстүү иш-чараларды аткаруу;

**2.2.** Окуучулардын инсандык, психологиялык-медициналык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн жана алардын микрочөйрөсүн, жашоо шартын иликтөө;

**2.3.** Окуучулардын кызыкчылыктарын, муктаждыктарын, кыйынчылыктарын жана көйгөйлөрүн, чыр-чатак кырдаалдарын, кылык-жоругундагы ээнбаштыгын аныктоо жана өз убагында социалдык көмөк көрсөтүү;

**2.4.** Социалдык коргоо органдары менен башка мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын кызматташтыгын жүргүзүү;

**2.5.** Окуучуларды (тарбиялануучуларды) социалдык жактан колдоо жана коргоо иш-чараларын ишке ашыруу жана бул процессти көзөмөлдөө.

## III. КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕРИ

Социалдык педагог төмөнкү милдеттерди аткарат:

**3.1.** Окуучулар (табиялануучулар) менен мектептин, үй-бүлөнүн, чөйрөнүн, түрдүү социалдык кызматтардын адистеринин, ведомстволордун жана административдик органдардын ортосунда арачылык кылат;

**3.2.** Социалдык-педагогикалык иштердин милдеттерин, формаларын, усулдарын жана социалдык жана жеке маселелерди чечүү жолдорун аныктайт, социалдык коргоо, социалдык колдоо, окуучулардын (тарбиялануучулардын) инсандык эркиндигин жана укуктарын ишке ашыруу боюнча чараларды көрөт, жаштар менен балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргойт, мектепте, ар түрдүү инстанцияларда алардын өкүлү катары иш жүргүзүп, бул максатта башка кесиптеги адистерди да тартат;

**3.3.** Окуучулардын (тарбиялануучулардын) жана чөндордун түрдүү социалдык-баалуу ишмердиктерин, социалдык демилгелерди өнүктүрүүгө багытталган иш-чараларды уюштурат, социалдык долбоорлор менен программаларды иштеп чыгууга, аткарууга катышат.

**3.4.** Жаштардын жана өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумундагы коомго жат фактыларды (кылмыштуулук, укук бузуу, аракечтик, токсикоманиялык менен баңгилик ж.б. алдын алуу иштери) өз убагында аныктап, алдын алуу иштерин жүргүзөт, дени сак жашоо таризин уюштуруу маселелери менен алектенип, акыл-эс жана дене-бой жагынан жетилишинде өксүгү бар жаштар жана балдарды түзөтүүчү-калыбына келтирүүчү иштерди уюштуруп, жүзөгө ашырат.

**3.5.** Төмөнкү иштерди жүзөгө ашырууга өбөлгө түзөт:

- окуучулардын укуктарын жана эркиндигин ишке ашыруу, саламаттыкты жана өмүрдү коргоону камсыз кылууну бейпил жана жагымдуу шарт түзүү;
- социалдык чөйрөдө адамгерчиликтүү, толук ыймандуу мамилелерди түзүү, ата-энелерди (мыйзамдуу өкүлдөрдү) жана коомчулукту балдар маселелерин чечүүгө тартуу;
- педагогикалык багыттагы чөйрөнү түзүү.

**3.6.** Социалдык коопту үй-бүлөлөрдү аныктайт, алардын балдарга тийгизген терс таасирин төмөндөтүүгө көмөктөшөт, инсандын өсүшү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө жардам берет, үй-бүлөдө баланы эртелеп жетилтүүгө жана тарбиялоого колдоо көрсөтөт;

**3.7.** Төмөнкү иштерди жүзөгө ашырууга көмөктөшөт:

- окуучулар (тарбиялануучулар) үчүн психологиялык жайлуу жана коопсуз жагдай түзүү, алардын өмүрүн, ден соолугун коргоону камсыздоо;
- ата-энелер менен балдардын мамилесин жакшыртуу, бейжай үй-бүлөлөрдө жашаган балдардын мамилелешүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү;
- баланын жана жаш адамдын жакынкы чөйрөсүндө (окуу-тарбия уюмдарында, үй-бүлөдө, жашаган жеринде, жаштардын жана балдардын уюмдарында, бирикмелеринде ж. у. с.) инсан катары калыптанышына комоктошот;
- балдардын жана жаштардын жалпы адамзаттык баалуулуктарды, жүрүм-турумдун коомдо жөнгө салынуучу ченемдерин жана эрежелерин өздөштүрүп, өнүктүрүшү, өзүн өзү тарбиялоо жана көзөмөлдөө жагынан ички дилгирлигин ойготуу.

**3.8.** Төмөнкү иштерди жүргүзөт:

- камкорчулук;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоо менен, жумушка орноштуруу;
- баланын турак жайга болгон укугун сактоо.

**3.9.** Коомго аралашуу жагынан кыйынчылыкка кабылган, кам көрүүгө муктаж, оор абалга түшүп калган балдар менен жаштарды таап чыгат жана эсепке алат, аларга социалдык-педагогикалык жардам жана колдоо көрсөтүү боюнча алгылыктуу чараларды көрөт.

**3.10.** Төмөнкү иштерди жүзөгө ашырууга көмөктөшөт:

- балдарды класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштерге, балдар жана жаштар уюмдары, мекемелери, клубдары менен кызматташууга тартуу аркылуу алардын бош убактысын уюштуруу;
- ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу, алардын өз милдетине жоопкерчиликтүү, аң сезимдүү мамилесин калыптандыруу, ошондой эле ата-энелери менен болгон мамилесинде кыйынчылыктарга туш келген балдарга жардам берүү;
- багып-кароочусунан айрылган балдарды жөлөкпул, пенсия менен камсыздоо;
- жетим жана ата-энесинин багуусунан калган окуучу (тарбиялануучу) балдардын сактык салымдарын, баалуу кагаздарын тариздөө.

**3.11.** Балдардын иштери боюнча комиссиянын, Жашы жете электер арасындагы кароосуздуктун жана укук бузуулардын алдын алуу боюнча кеңештин ишине катышат.

**3.12.** Балдардын, өспүрүмдөрдүн кызыкчылыктарын иликтөөгө байланышкан маалыматтарды чогултат, мамлекеттик уюмдарга жашы жете электердин жекече маселелерин чечүү жана алар үчүн шарт түзүү маселеси боюнча расмий суроо-талап жасайт.

**3.13.** Зарыл болгондо балдардын өздүк документтерин (туулгандыгы жөнүндө күбөлүктөрүн, паспортторун) калыбына келтирүүгө жардамдашат.

**3.14.** Балдарга, ата-энелерге жана мектеп педагогдоруна кеп-кеңеш, социалдык-педагогикалык жардам берет.

**3.15.** Балдардын жана жаштардын укуктарын, ден соолугун жана өмүрүн коргоо, өз убагында социалдык-педагогикалык жардам берүү максатында билим берүүчү уюмдар, жашы жете электер инспекциясы, психологиялык жардам, социалдык коргоо кызматтар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жалпыга маалымдоо каражаттары менен иштиктүү мамиле түзөт.

**3.16.** Мектептин педагогикалык кеңешинин ишине катышат.

**3.17.** Мектепте, тиричиликте, коомдук жайларда жүрүм-турумдун адептик ченемдерин сактайт.

## IV. УКУКТАРЫ

Социалдык педагогдун төмөнкүдөй укуктары бар:

**4.1.** Мектеп Уставында аныкталган тартипте мектепти башкарууга катышуу.

**4.2.** Кесиптик абийирин жана кадыр-баркын коргоо.

**4.3.** Өзүнүн ишине берилген бааны камтыган даттануулар жана башка документтер менен таанышуу, алар боюнча түшүндүрмө берүү.

**4.4.** Тартипке салуучу же кызматтык териштирүү кесиптик адеп ченемдерин бузуу менен жүргүзүлгөн учурда өз кызыкчылыктарын өзү же өкүлү (мунун ичинен – адвокат) аркылуу коргоо.

«Текшерилди»
Тогуз-Торо райондук соц.педагогдордун
секция жетекчиси: Н.Бакасова
"25" 08 2022-жыл

«Бекитемин»
№8 Маатмуса Абдыжапаров атындагы
жалпы билим берүүчү орто мектебинин
директору: Орозова Ж.Т
"__" ____ 2022-жыл

№8 Маатмуса Абдыжапаров атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин
2022-2023-окуу жылы үчүн социалдык педагогдун жылдык иш планы

| № | Иш аракеттин багыты | мазмуну | мөөнөтү | аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Социалдык педагогдун укуктары ,милдеттери,ишти пландаштыруу ,айлык пландарды иштеп чыгуу | Социалык педагогдун квалификациялык талаптарын,адеп кодекстин карап чыгуу ,толуктоолорду киргизүү,жылдык айлык,жумалык иш пландарды бекитүү | сентябрь | Соц.педагог |
| 2 | 0-11-класстагы жалпы окуучулардын социалдык жана инсандык көйгөйлөрүн аныктоо максатында социалдык педагогикалык изилдөө жүргүзүү | 1.Мектептин окуучуларынын жалпы санын тактоо,класс жетекчилердин канааларын аныктоо<br>2.Мектептеги жалпы окуучулардын үй-бүлөлөрүнө жалпы анализ жүргүзүү | сентябрь | Соц.педагог |
| 3 | Мектептин социалдык паспортун түзүү | Окучулардын үй-булолорунун социалдык паспортун түзуу<br>1.Толук жетим окуучулар<br>2.Жарым жетим окуучулар<br>3.Ички тышкы миграниттын балдары<br>4.ДМЧ окуучулар<br>5.Толук эмес үй-булө<br>6.Көп балалуу үй-булө<br>7.Жардамга муктаж үй-булө<br>8.Ата-энеси майып окуучулар<br>9.ИДНдин көзөмөлүндөгү окуучулар<br>10.Ата-энеси пенсионер окуучулар<br>11.Өгөй ата,өгөй эне менен жашаган окуучулар<br>12.Атасы афган окуучулар<br>13.Квартирада жашаган окуучулар<br>14.Хиджап кийген үй-булө<br>15.Мектептин ички көзөмөлүндөгү окуучулар<br>16.Атасы 7-апрель окуясына катышкан | Сентябрь октябрь | Соц педагог |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 17.Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок окуучулар<br>18.Баткен,Чернобль окуясына катыш.<br>19.Мечитке барган окуучулар | | |
| 4 | Окуучулардын социалдык педагогикалык укугун коргоо жана бирдиктүү булагын түзүү | Коомдук уюмдар менен биргелешип иш алып баруу<br>1.Тогуз-Торо районунун соц.кызматкери<br>2.Билим беруу болуму<br>3.Соц.онуктуруу башкармалыгы<br>4.Рай.ИИБ<br>5.Үй-бүлөлөрдүн аялуу катмарына ар тараптуу жардам көрсөтүүнүн үстүнөн иш алып баруу | Жыл ичи | Соц педагог |
| 5 | Окуучулардын личностун формалдаштыруу үй-бүлөлөрдүн жана окуучулардын укугун коргоо | 1.Социалдык камкордукка муктаж болгон окуучуларды тактоо<br>2.Ата-энелерди окуу тарбия иштерине кийлигиштирүү<br>3.Социалдык педагогикалык көйгөйлөр боюнча окуучуларга,ата-энелерге тегерек стол өтүү. | Жыл ичи | Соц педагог |
| 7 | Социалдык педагогикалык прафилактика | Окуучуларды тарбиялоодо негизги факторлорго басым берүү жана алдын алуу.<br>1.Кафе ,авто унаа жуугуч,дүкөндүн ээлерине ,жеке ишкерге “Балдардын укугун коргоо боюнча конвенциянын”мыйзамдары менен тааныштыруу<br>2.Рейд жүргүзүү<br>3.Кооптуу топтогу окуучулар,мектептин ички көзөмөлүндөгү окуучуларга профилактика жүргүзүү | | Соц педагог |
| 8 | “Зордук зомбулуксуз мектеп”программасын ишке ашыруу | 1.Мектепте “Рэкетчиликти”алдын алуу боюнча иш-чараларды өткөрүү<br>2.”Баңгизаттар ,тамеки,насвай чегүү,спирт ичимдиктерин ичүү,психотронный же ууландыруучу заттарды окуучулардын колдонуусуна | Декабрь январь | Соц педагог |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | бөгөт коюу”<br>3.”Эрте турмушка чыгуунун зыяндуулугу”<br>4.Окуучуларды үй-бүлөөлүк зомбулукка кабылуусунун алдын алуу” | | |
| 9 | Окуучулар арасында социалдык адилеттүүлүктү изилдөө | 1.Окуучулардын үй-бүлөлөрүнүн аялуу катмарына социалдык колдоо көрсөтүү<br>2.Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар менен жана алардын социуму менен иш алып баруу | февраль март | Соц педагог |
| 10 | Уюштуруу иштерин жүргүзүү | 1.Окуучулардын эстетикалык моралдык жактан калыптануусуна көмөк көрсөтүү<br>2.Жаратылыш менен таттуу мамиледе болуу,маданият эстеликтерин ,өз элинин баалуулуктарын баалоо максатында окуучулар менен бирдикте жүрүш жасоо<br>3.Окуучулардын сабактан тышкаркы убакта эс алуусун уюштуруу | Жыл ичинде | Соц педагог |
| 11 | Уюштуруу иштерин жүргүзүү | Социалдык педагогикалык иш-аракеттердин тажрыйбасын анализдөө | май | Соц педагог |

Соц.педагог: Жумабек кызы Айзат